Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу

Мектептин техникалык базасын жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча иштер талданып, бааланып, абалын жакшыртуу боюнча механизм иштелип чыккан. М: маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча мектептин веб сайты, соц тармакта баракчалары иштелип чыгып жакшыртууга карата аларга мектеп ишмердүүлүгүнүн жетишкендиктери, алдыңкы тажрыйбалар, өткөрүлгөн иш чаралардын маалыматтары жайгаштырылып турат. Буга атайын кызматкерлер милдеттендирилген.

Мектепте жылына бир жолу материалдык-техникалык базаны инвентаризациялоо иштери жүргүзүлүп, анализденет. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн мектептин планы жана өнүктүрүүнүн стратегиялык планы иштелип чыгып аткарууга алынып жатат. Ошондой эле өнөктөштөр болуп эсептелинген ата-энелер, МЕРСИКО, NAMA уюмдары менен биргеликте долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу аткарылууда. М: 2020-жылы NAMA фонду аркылуу 7 класска эмеректердин комплектиси, 7 SMART телевизорлор берилди. Корей Кыргыз кызматташтыгы уюму тарабынан кол эмгек кабинети толук заманбап эмеректер менен жабдылып жасалгаланды. Ошондой эле ар бир окуу кабинеттерин магниттик доскалар менен камсыз кылышты. МЕРСИКО уюму тарабынан ашкана толугу менен жабдылып, бардык инвентарлар алынган. Жеке демөөрчүлөр тарабынан 28 класстын 4 иш кабинетинин жана залдардын терезелери заманбап пластикалык терезелерге алмаштырылды жана 10 кабинеттин эшиктери жаңыртылды. 30 жылдык бүтүрүүчүлөр тарабынан 1 окуу кабинети жана мугалимдер бөлмөсү заманбап жасалгаланды. Мектеп жамааты мектептин кире бериш залын форекс материалынын жардамы менен жасалгалашты. Ата-энелер тарабынан бир класс эмекректердин комплектиси менен камсыз кылынды.

Материалдык-техникалык базасын чыңдоо үчүн

- Долбоорлор аркылуу
- Демөөрчүлөр аркылуу
- Камкордук кеңеши аркылуу
- Республикалык бюджет аркылуу
- Жергиликтүү бюджет аркылуу.
- 10, 20, 30-жылдык бүтүрүүчүлөр аркылуу
- Жеке ишкерлер аркылуу
- Эмгек жамааты аркылуу

ишке ашырылат. Булардын негизинде акыркы 3 жылдын ичинде мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, жаңыртуу, жакшыртуунун деңгээли 40% өстү.

Маалымат ресурстарын топтоо, баалоо, талдоо жана жакшыртуу максатында акыркы 3 жылда төмөндөгүлөр менен камсыздалды:

- КР ББИМинистрлиги аркылуу смарт экрандар
- КР ББИМинистрлиги аркылуу интернет булагы оптоволокно тутумуна кошулду
- Соц тармактарга мектептин баракчалары ачылды
- Мектептин электрондук почтасы
- Мектептин веб-сайты иштелип чыкты
- Мектептин электрондук күндөлүгү жана журналы иштелип чыгып, алардагы маалыматтардын сакталышы, купуялуулугу боюнча конфедициялдуулук камсыз болгон жана кызыктар тараптарга жеткиликтүү болушу камсыз кылынган.